| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы

ТОКТОМ №22-1

Мундуз айылы                                   29-июль 2024-жыл

**Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын курамына талапкерди сунуштоо жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылынын тургуну Умарбекова Тамара Калдыкбаевнаны Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын курамына талапкер жөнүндөгү Орто-Азия айылынын 2024-жылдын 22-июлундагы чогулушунун протоколун карап чыгып жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Орто-Азия айылынын тургуну Умарбекова Тамара Калдыкбаевнаны Сузак аймактык шайлоо комиссиясынын курамына талапкер катары сунуштайт.

2. Умарбекова Тамара Калдыкбаевнанын талапкерлигин бекитүү жагы Сузак аймактык шайлоо комиссиясынан суралсын.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага                                   Т. Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы

ТОКТОМ №22-2

Мундуз айылы 29-июль 2024-жыл

**Айыл аймактык участкалык шайлоо комиссиялардын резервдерине талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамын негиздеп, айыл аймактагы участкалык шайлоо комиссиясынын курамына талапкерлерди көрсөтүү боюнча келип тушкөн протоколдорду эске алып, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн аймагындагы 9 участкалык шайлоо комиссиялардын курамына (резерв) талапкерлер сунушталсын (1-тиркеме).

2. Участкалык шайлоо комиссиялардын курамына сунушталган талапкерлерди бекитүү жагы Сузак аймактык шайлоо комиссиясынан суралсын.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. Джороев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы

ТОКТОМ №22-3

Мундуз айылы 29-июль 2024-жыл

**“Балапан” мектепке чейинки билим берүү уюму жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын негизинде, Ак-Баш айылынын тургундарынын 22-июль 2024-жылдагы жыйындын протоколу жана 22-июль 2024-жылдагы айылдык кеңештин социалдык комитеттин отурумунун протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ак-Баш айылындагы “Бахрейн-2” социалдык шаарчасындагы курулуп бүткөн социалдык имарат толугу менен балдар бакчасына өткөрүлүп берилсин.

2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Бостон айылындагы жайланышкан “Балапан” балдар бакчасы толугу менен Ак-Баш айылында жайланышкан “Бахрейн-2” социалдык айылындагы бала бакчага көчүрүлсүн.

3. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы М. Омурзаковго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага Т. Джороев**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУЙСКИЙ<br>АИЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VII чакырылышынын кезексиз жыйырма экинчи сессиясы

ТОКТОМ №22-4

Мундуз айылы 29-июль 2024-жыл

**Кызыл-Туу айыл аймагынын жер фондусун инвентаризациялоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексин, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамынын жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 20-апрель 2023-жылдагы №154-б буйругу менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жер фондуна инвентаризация жүргүзүү тартиби жөнүндөгү” Жобонун негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин сессиясы **токтом кылат**:

1. “Кыргызмамжердолборлоо” Жалал-Абад облустук жерге жайгаштыруу экспедициясы жерге жайгаштыруу боюнча мамлекеттик ишканасы менен биргеликте Кызыл-Туу айыл аймагынын жер фондусунун инветаризациялоого макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы М. Омурзаковго милдетендирилсин.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т. Джороев**